**УДК. 894.341.**

**МАМБЕТОВА А.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**МАМБЕТОВА А.**
*КНУим. Ж.Баласагына*
**MAMBETOVA A.**
*KNU named after J. Balasagyn*

# Ч.АЙТМАТОВДУН МАКАЛАЛАРЫНДАГЫ ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ТУУРАЛУУ

## О публицистических особенностях в критических статьях Ч.Айтматова

## About publicistic peculiarities in Ch.Aitmatov"s articles.

***Аннотоция:*** *Ч.Айтматовдун публицистикалык макалаларындагы коомдук актуалдуу маселелери жана кыргыз искусствосу жөнүндө маалымат берилип, бир нече макалалардагы сын пикирлерге токтолгон.*

***Аннотация:*** *В статьях Ч.Айтматова затрагиваются общественно-актуальные проблемы, запросы кыргызского искусства, а некоторые из которых носят критический характер.*

***Annotation:*** *This article is considering the journalistic articles by Ch.Aitmatov which regarded the social actual problems, Kyrgyz art and also criticism in some articles.*

***Туйундуу свздвр:*** *Макала, искусство, сын пикир, көркөм адабият, кыргыз поэзия, өнөр, чыгарма, кыргыз адабияты, маданияты, көз караш, жазуучу.*

***Ключевые слова:*** *Статья, искусство, критический обзор, художественная литература, кыргызская поэзия, ремесло, кыргызкие литературные произведения, культура, точка зрения, писатель.*

***Key words:*** *Article, art, critical review, fiction, Kyrgyz poetry, craft, Kyrgyz literary works, culture, point of view, writer.*

Бугунку кунде, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгына байланышкан, бир актуалдуу нерсени эске алып коюу зарыл. Ал Ч.Айтматовдун чыгармаларынын ичинен публицистикалык сын макалаларынын изилденбей келгендиги.

Ч.Айтматовдун публицистикалык кесибинин бирден бир артыкчылыгы, анын бугунку кундун талабына жараша тез иштегендиги, макалаларынын элдин мудеелерун билдирген таланттуулугу, эц негизги - таасирдуулугу. Ч.Айтматовдун, публицистикалык чыгармаларында, бугунку кунде, мына ушул келечектин ээлери женундегу, ой-пикирлерин ортого салып, маселелерди козгоп, аларды дайыма сын макалаларында жарыялап турган.

Ошол себептуу Ч.Айтматов публицистикасында, Ата Мекенге болгон суйууден баштап, искусство ишмерлери, коомдогу актуалдуу маселелер, космос, жацычылдык, кыргыз тили, «Манас» эпосуна чейин актуалдуу тема катары камтылып келет.

«Эстелик алдындагы ой» аттуу макаласында, кыргыз элинин дагы бир таланттуу акын-импровизатору Токтогулдун революциячыл, курешчул акындыгын жогору баалайт.

Бул кундеру мулде кыргыз жергеси езунун чыгаан уулу - улуу акын адабият менен искусствого аздыр-кептур тиешеси бар. Токтогулга, анын руху менен образына назарын бурбай кое албайт да, акын баскан алые жолго кыял чаргытып кыргыз элинин тарыхында, рухий маданиятында анын ээлеген орду, ойногон ролу женунде ойлобой кое албайт. Коомдун ар кандай катмарынан чыккан, бирок аларды мезгил менен мейкиндиктин ааламында уркер жылдыздардай, бир уйурге чогултуп, адамзаттын кей кашка уулдары атантып турган бир жалпылык бар. Ч.Айтматовдун ишеними тушунугу боюнча «Токтогулдун ашып ташкан академиялык билими» деле болгон эмес. Бирок ал кезу ачык, кекурегу тунук таланттуу текме болгон. Кыргыз жергесинде кап чукенун сакасы, ырчылардын сарасы болгон. Ошондуктан биздин терец ишенгенибизди, революциячыл акын, элдик ойчул, курешкер жана суреткер катары дуйнелук

поэзиянын залкар акындары менен бир катарда турганга анын бардык жактан акысы бар. Токтогулдун орду поэзиянын тупку озуйпасын ез емурунун, эл тагдырынын ажырытып карабаган революциячылдыгы жана талантынын кучу менен тарыхтын поэтикалык кепуресунде тубелук туркук болуп калган акындардын, Токтогулдун акындык зоболосун бийик кетеруп жатып, Ч.Айтматов, анын ысымын жана беделин сактап калууда совет бийлигинин ролу зор экендигин танбайт. Анын бул пикиринин акыйкат экени эч кимге кумен туудурбайт. Чындыгында, совет доорунда кыргыз элинин тарых таржымалын сез енерун, тил байлыгын биздин кундерге чейин жеткирип келишкен акындардын чыгармаларын эл арасынан мыскылдап жыйнап, бастырып чыгаруу иликтеп, изилдее окурман журтка кец-кесири тааныштыруу иштери колго алынып, жолго коюлуп ар бир ак тандай ырчыларыбыздын тарыхтагы, маданий енугуубуздегу орундар аныкталды, бедел-абройлору белгиленди.

Ошондой болсо да, биз бугун еткен тарых барактарын кайталап «окуп», тактап жаткан маалда Токтогулга окшогон акындарыбыздын емуру, чыгармачылыктарында да тактоону талап кылган, талаш-тартыш маселелер жок эмес экендигин ойлонушубуз керек. Менимче, Ч.Айтматовдун пикиринде да инерттуулуктун эпкини бардай. Дегеним, Токтогулду «революциячыл» деп мунездеесунде жазуучу буга чейинки стереотип-мунездемеден чыгалбай калган. Эгерде совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле Токтогул «революциячыл» акын катары таанылса, бааланса, анда эмне учун Токтогулдун ез оозунан эч бир чыгармасы, езунун аткаруусунда куулеру жазылып калган эмес. Эгерде, ал чын эле «революциячыл» акын болсо, совет бийлиги аны дароо эле колго кетеруп, кекелетуп алышы керек эле да. Канткен кунде да бул ойлонуучу, езунче талап коюлуучу маселе, биз болгону Ч.Айтматов Токтогул акын женунде айтканда инерттуулуктун качып кутула албай калганын белгилеп койгубуз келди.

Ч.Айтматов акындар чыгармасынын еткелу, бугункусу келечеги тууралуу ойлонот, атпай кыргыз журтунда.

«… Кечээ эле кундур-тундур жазгы нешердей тегуп турса ырынын чети оюлбаган кара жаак жез тандай Эшмамбет менен Токтогулдай, Калык менен Осмонкулдай, Алыкул менен Ысмайылдай текме ырчылар топ жылдыздардай жаркырап етуп кеткени, алардын орду эми кайра толбой турганы, булар байыркы замандан, биздин кундерге чейин кыргыз элинде жашап еткен аты-жену бизге белгисиз не бир укмуш текмелерубуздун эц акыркы залкар екулдеру болгонун эскеруу менен «балким, текме ырчылардын тукуму эч качан узулбей журуп отурат», (1) -деп келечекке умуттуу карайт.

Бугунку кунде эстеликтин маанилуу орду бар. Эстелик жасоодо адамдын кеткен эмгеги эмгек керектигин актуалдуу кун тартибине алып чыгат. Анд а Т.Садыковду баалоо менен «Чегелее енерунун чебери» аттуу макаласында скульптура адамдарынын да кол чеберчилигин публицистикаларында да баса белгиленет.

«…Анык таш жарган таланттын, сыйкырдуу енердун иши деп, ушул скульптордун эмгегин айтсак куп жарашар жену бар, алардын журек эргуусунен буткен, айкелдерден жашоонун ысык илеби уруп, тируу жандай кыймылдап, ичке сыйбаган сезимдин кучу тулкусуна чыгып чытырап, ар бир езунче мунезу менен езунче кыянаты менен керунет. Ошону учун кылымдардын кыйырын арытып бизге чейин жеткен айкелдерден еткен мезгилдердин айрымалуу мунµзун, тузулуш туспелун керуп, адамдын езгечелуу жактарын гана эмес, анда да кебуреек нерсени ошол доордун коомдук манызын туюнткан маданияттын, тарыхтын жана эстетиканын энчилуу белгилерин таанып, алардын алдында эрксизден тамшанып суктана беребиз…» (1).

Бул ар качан ушундай болгон, боло да бермекчи. Анткени суреткер ез эмгегин замандаштарына арнап, келечектеги урпактарга багыштап жаратат эмеспи. Чыгармасынын тупку мааниси, керку ушунда. Садыковдун чыгармасында искусствону, гуманисттик концепциясы, анын турмуштук кучу, адамдын асылдыгын таанып билуудегу суреткердин ез заадисинде оргуштаган, устенге кошулуп

мелтур тунуктугу жана терендиги менен кашкайып, керунуп турат. Борборубуздун аянттары менен кечелурунде шаардын келбетине керк кошуп, Садыковдун монументалдуу чыгармалары шанкайып турганы, ташты чегелеп жандуудай суйлете билген енердун тили ырастан эле тубелуктуу тил экен го.

Жылдызы жарык суреткерлер болот, алар кандай эмгек жаратпасын, анын сага тиешеси бардай, ал ишке сенин да катышьщ бардай чыгармачылыгына куштарланып, сыртынан багып, байкап журесун.

Адабияттын маселелери тууралуу оюн белушуп жатып Ч.Айтматовдун адабият сынчысынын кызматы женунде айткан сонун салыштыруусу бар.

«…Сынчыны талаа кыдырып, жерден баш кетерген ар бир енумге суу берген сугатчыга окшотсо болот. Биреену эле кезден жаздым калтырса, ал соолуп калышы ыктымал», (2) -дейт.

Мага Ч.Айтматовдун езу биздин доордун «сынчы сугатчысындай» туюлат. Мейли публицистикалары болсун, мейли керкем чыгармалары аркылуу болсун, адамзат учун пайдасы болор «ар бир енумге» кез салып соолутпай башын кетертуп сугарууга аракети дайыма даяр. Айрыкча улуттук рухий байлыгыбызды туптеген ар бир инсанга камкор мамиле жасоону езунун да, езгенун да ыйык милдети деп тушунет. Эз мезгилинде, ак тандай акындарыбыздын кеч башында турган, эпсиз таланттын ээси Женижок акындын чыгармалары окурмандарга кен-кесири жетпей жаткандыгын белгилее менен акындын китебинин чыгышы гана, бул кенемтени толтурарына ишенип, Женижоктун ыр жыйнагына «Ак тандай акындын мурасы», - деп атап, баш сез жазган.

«… Эл ичи - тугенбес кенч, балким, текме ырчылардын тукуму эч качан узулбей журуп олтурар. Ошентсе да, мен бул енердун гулдее доору, алдыда эмес артта калды», - го деп ойлойм (1). Ошондой бол со да жазуучу кези келе калган учурларда акындар поэзиясы тууралуу ез ойлорун ортого салып келет.

«... Жецижоктун ысымы эл ичинде дайыма Токтогул, Эшмамбет сыяктуу айтылуу текмелердун аты менен катар айтылат. Анын ырчылык талантынын тац каларлыктай кучтуулугун, жеР кектун ортосунда куштай эркин чабыттап, он сегиз миц ааламды оодарыштырып, дуйнену колуна тегерете кармап тургандай сезилип ырдаган киши болгонун дацаза кылган сездер кеп»(1).

Бул туурасында замандаштарынын айтымында, ал агын суунун езун жети кун катары менен суреттеп, тугете алчу эмес экен. Жазуучу да ушул традицияны улантып, акын Жецижоктун чыгармачылык чеберчилигин аныктоого аракет жасаган.

«Жецижоктун башка кеп ырчылардан айырмаланып, аалам жер-суу, адам баласынын бу турмуштагы орду милдети жаратылыш менен катышы женунде терец ой жугуртуу менен ырдаганы, анын ез алдынча билимдуу, ойчул акын болгонун айгинелеп турат»(1).

Бул жерде жазуучу акындын чыгармалары даты бир маанилуу учурду кере билгенин айткым келет. Ал акындык кудурет кучте, табият берген тубаса таланттан сырткары билим, ой жугуртуунун кецдигисиз акындык диапозондун, езунун-езу кецири болушу мумкун эместиги. Албетте, бул жерде билим женунде сез болгондо, аны азыркы тушунуктугу билим-илим менен чаташтырбаганыбыз абзел.

Жецижоктун поэзиясынын езгечелугу, анын сырларынын, тематикалык диапозонунун кецдиги менен катар философиялык терецдигинде.

«...Дуйне - адам, жакшы менен жаман, ак ниеттик менен кыянаттык, кунумдук менен тиричилик-ушунун бардыгына акын езунун терец жана бекем кез карашынан, азыркы тил менен айтканда, философиялык-эстетикалык концепциясынан туруп баа берет» (1).

Чыцгыз Айтматов Жецижоктун чыгармаларында гуманисттик идеялардын кучтуу экендигине токтолуу менен акындын ырлары «жандуу, тируу, канаттуу ырлар»,- дейт (1). Ошентип, анын кез карашында Жецижок акындын микро-дуйнесунун моделин тузет.

Ч.Айтматов, менин оюмча, чебер суреткер эле эмес, тегеректун терт бурчун текши ойлогон даанышман ойчул даты. Ал учун жашоодо дегеле бир маанисиз нерсе жок сыяктуу бардыгына кез салат, кенулун белет.

«... Музыка жагынан ала турган болсок, Карамолдо Орозов жаны маданияттын тузулушуне элдин нукура ез катмарынан келип кошулган, мындайча айтканда, алыстагы замандардан багыштап койгон чоц устаты экени ар кимге белгилуу» - дейт (1). Анткени, музыкалык традициясы езгече комуз, музыкасынын традициясы абдан теренде, узак тарыхта болуш керек. Бирок, ошонун баары профессионалдык денгээлге жетиш учун тарыхый, социалдык шарт болуш керек. Мына ушундай шартка келген элдик музыканын екумдерунун бирден-бири К.Орозов. Бир туруп ойлойм, элдин музыкалык традициясын боюна синирген табигый таланттуу К.Орозов.

Эми, мындай кайталангыс адамдар чыга бербейт. Анткени, мындан аркы композиторлор билим аркылуу жетиле, енуге турган жол ачылды.

«...К.Орозов ишенимдуу тубаса генийлер, езунче бир, эки замандын кошулуп турган чегинде албырттап куйуп турган, тубелук от сыяктанат»,-дейт (1).

Карамолдону кезге толугураак элестетуу учун бир нерсеге салыштыруу керек болсо, аны Ысык-Кел менен салыштырууга болот. Ысык-Келдей тоо койнунда мемиреп, бетинен дуйне жузу чагылышкан, кышта жылуу, жайда салкын берекелуу бейпил кел барбы. Эгерде бир чайпалып, албуурул болуп алса, толкуну тоону каптоочудай тее еркечтенуп, качан гана буроосу жанган комузга окшоп, буурakканы тарамайынча, анын алдына киши тура алабы.

Карамолдо келге окшоп кейкелуп, бейпил керунгену менен комузун колго алганда, теренинде жаткан сезим туп кетере козголуп, угуучуну кээде жел кайык менен сыздыра, кээде толкунуна ала салдырып, учу кыйырына кез жетпеген стихияга аралаштырып, эркинди биротоло бийлеп алар эле.

Биздин кундерде искусство жана адабият чеберлеринин ролу болуп кербегендей есту, анын кызматынын узуру

коомдук жаны мааниге ээ болду. Биздин маданият канчалык енугуп, профессионалдыкк денгээлге чыкпасын, К.Орозов сыяктуу элдик композиторлор - буд бир тугенгус улуттук маданият эц оболу улуттук музыка учун, езгечелук учун тугенгуч кенч, булак болуп кала бермек.

Ысык-Келдун кооздугу, журекке жакындыгы, чогоолдугу жана тубелуктуулугунен улам, балким, бул кел кууден буткенбу деп ойлойсуц.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Ч.Айтматов «Биз дуйнену жаныртабыз - дуйне бизди жаныртат» , - «Кыргызстан», 1988.
2. Л.Укубаева. «Ч.Айтматовдун кез карашы» Б- 2000
3. К.Асаналиев «Ч.Айтматов жана руханий маданият» Китепте «Ч.Айтматовдун жазуучулук сынды енуктуруудегу ролу» Б-1999.


***Рецензент:*** **Абдрасулова Э.К.** - И. К. Ахунбаев атындагы КММАнын кыргыз тили кафедрасынын башчысы, педагогика илимдеринин кандидаты,доценти.